# ЭСКЕРҮҮЛӨР ЖАНА КААЛООЛОР



**Акмат**
**Карыбай уулу**
(16.12.1927 - 19.12.2007)
*Жазуучу, санжырачы.*
*Ысык-Көл району, Темир а.*

## ЖЕТИМИШ ЖАШ

*(Досум Азар уулу Зарылканга арналат)*

Бирде жарык, бирде жабык ай өткөн
Жашоо өмүр ай турбайбы жай өткөн.
Жаз-күз көчүп күтүрөтө жылкы айдап
Зарылкандын жети атасы бай өткөн.

Теңдеши жок тектүү жердин тукуму
Тапкан малы аталардын кутубу.
Кыргый мүчө такыялуу кыздар кууп
Кызык өттү кысталактын учуру.

Бир боор досум сени кимге теңейин
Токсонго чык өмүргө мас кедейим.
Ушул топту ошол тойго чакырсаң
Тоодой болгон дагы бир ат берейин.

Жетимиш жаш жеткен дөөлөт бир кучак
Жашка толуп жайнап күлүп турган чак.

«Аврора» сарайында сайраңдап
Сенден башка бул сарайдан ким учат.

Жүзгө чыксаң бейиш сага ылайык
Аяш калсын токсон жашта муңайып.
Ага-иниң айдап келип сойгон мал
Таман чыксын казы-карта булайып.

Ошондо да оорубай өл сырайып
Уккан кулак ураа десин кубанып.
“Жаза баспас даана күлүк эле”- деп
Жамаат келип жаназаңа туралык.

Секунд өтпөй сенден кийин мени алсын
Келген киши сенден артык кубансын.
“Ит болбосо бирдеме ала келээр”- деп
Ошондо да кылчак карап тураарсың.

25-ноябрь 2000-ж.



**Кабылбек Жумалиев**
*КР алдында өзгөчө сиңирген эмгеги үчүн чектелген персоналдуу пенсионер, экономика илиминин кандидаты.*

Эл ичинде сөзгө алынып кадыр баркка жетишип адамерчилиги менен белгилүү болгон агабыз Азар уулу Зарылкандын 2019-жылы май айында дүйнө салганынан бери бир аз убакыт өткөнүнө карабай авабыздын басып өткөн жолу мурункудан да ачык көрүнүп аны билген адамдардын эсинен чыкпай жоктоп эскерип келет.

**Зарылкан** авага окшогон көрөгөч, кеменгер адамдар жашоо өмүрүндө «ар бир төрөлгөн адам өлүм даамын татуучу» деген сөздүн чындыгын туюп, ушул убактылуу өмүрдүн мааниси жана жыйынтыгы эмне болду, эмне жазаганга үлгүрдүк деп ойго кетип жашайт турбайбы. Ага жоопту дал ушундай асылкеч адамдардын өмүрүнөн, кылган иштеринен издейт экенсиң.

Ушундай адамдардын катарында элибизге өзүнүн ишмердүүлүгүү, боорукердилүүгү, кайрымдуулугу менен таанымал жана белгилүү болуп келген агабыз Зарылкан Азаров болгонун айткым келет.

Быйыл 2021-жылдын феврал айында Азаров Зарылкан агабыздын кызы Айнура жолдошу Таалай экөө коноко чакырып, Таалайдын улуу бажасы Замирбек менен чогуу олтуруп, өткөн кеткендерди эскерип олтурдук.

Биз келинчегим **Кенже** экөөбүз 1970-жылы жогорку окуу жайды бүтүп келип Ысык-Көл районуна Кыргыз керек жарак коомдор союзунун (Кыргызпотребсоюз) даярдоо

мекемсине башкы бухгалтер болуп дайындалып иштеп калдым. Биз келгенде Зарылкан ава Ананьево айлында ушул жылдары 1966-жылдан баштап Ысык-Көл районунун 1-май колхозунда башкы бухгалтер болуп эмгектенип жаткан учуру болуучу.

Биздин Кочкордон экенибизди мурун эле укса керек.

- Мен дагы 1957-1962-жылдары Кочкор районунун Кара-Суу колхозунда башкы бухгалтер болуп иштеп туруп, силердин айылдын туз даамын татып, сый урматтарын далай көргөнмүн – деп, иштегенибизге бир жума өтпөй үйүнө чакырып конок кылып, кеп-кеңешин, акыл- насааттарын айтып узатканы, күнү бүгүнкүдөй эсибизде калды.

Ошондо бизди бүгүн чакырып коноктоп жаткан **Айнура** кызыбыз Зарылкан аванын 33 жашка толгондо көргөн кызы, 2 жашка жаны эле толуп, тили чыгып эне-атасын зериктирбей турган учуру экен. Мына эми убакыт деген билинбей өтүп, Айнура кызыбыз жогорку окуу жайын бүтүп врачтык кесипке ээ болуп, Караколдук кесиби боюнча врач, Таалай деген жигитке турмушка чыгып бала чакалуу болушуп турмуштарын атасы Зарылкан ойлогондон дагы жакшы өткөрүшүп жатыптыр. Бишкек шаарында үйлүү-жайлуу болуп, алган билими боюнча дарыгерлик кызматта иштешип, иштеген иштерине канааттанып, жолдошу менен бактылуу турмуштарын өткөрүп жаткандарын угуп, көрүп абдан ыраазы болдум. Көрсө атанын балдарга болгон бата-тилеги оорундалып ишке ашат деген ушул турбайбы!!!

Жүрөгү таза, адамдык баалулукту баалай, барктай билген асыл адамдар менен бирге болуу жашоодо чоң мааниге ээ болоору жана көп жакшылыктарга шериктеш болоору шексиз. Ката кетирсең насаат айтып көңүлүңдү жубатат, кыйынчылыкта бирге болуп, унутсаң эскертип турат. Кыйналсаң жардамдашып чыйралтат. Сөзүндө турат, аманатка бекем, жаманчылыктан сактап, жакшылыкка үндөйт, кемчилик кетирбеске аракет жазайт. Зарылкан ава мына ушул сапаттарга ээ болгон асыл адамдардан эле.

Мына ушундай кеменгер адамдардын бири мындан 50

жыл мурда жогорку окуу жайын бүтүп келип турмуш жолубузду жаңы баштаган учурда кеп-кеңешин угуп, ата-баладай жакын мамиледе болуп, өмүрүнүн акырына чейин кол үзүшпөй сый-урматта, карым-катнашта келген **Азаров Зарылкан** туурасында оюмду ортого салып кетүүнү туура таптым.

Адам баласынын жашоо турмушун, жашап өткөн убакыттарга, ошондогу доорго жараша, ар бир адамдын тагдырына, насибине буюрган окуялар менен ширелип турмуш ар түрдүү адамдар менен бирге өтө берээрин жакшы билебиз. Бирок өткөн өмүрдү текке кетирбей, болгон жөндөм менен акылды айкалыштырып, адамкерчиликти туу тутуп жашап жүрсөң урмат сый, кадыр баркка ээ болооруң шексиз.

Жогоруда белгилегендей эмгек жолубузду Ыссык-Көлдө 1970-жылы Кыргызпотребсоюздун дайардоо мекемсине башкы бухгалтер болуп иштеп баштадык. Бул мекеме Ананьево айлында эле. Себеби Ыссык-Көл районунун борбору мурун Анеаньево кыштагында жайгашканына байланыштуу бир топ райондук мекемелер ушул айылда райондун кийинки борбору Чолпон-Атага көчүрүлбөй сакталып турган экен. Алардын ичинде Ананьеводогу оорукана. Башкы дарыгери Сыдыгалиев Сапаркул. Кыргызпотебсоюздун Ыссык-Көл району боюнча тамак-аш бирикмеси. Жергиликтүү өнөр-жай Министрлигинин Ананьеводогу Турмуш тиричилик жактан тэйлөө комбинаты. Ал комбинаттын жетекчиси болуп Омуралиев Асек иштеген. Ыссык-Көл районунун токой чарбасы, жетекчиси Турсуналиев Мурат. Райондук автобаза, директору Акматалиев Адырбек. Мындан башка дагы бир топ мекеме-уюмдар болгон. Биз жогоруда аталган жетекчилер менен чогуу бир райондук мекемелерде иштеп, турмуш жолун ошолор менен бирге баштап калдык. **Зарылкан** ава ушул жетекчилердин баарын бириктирип башын кошуп, үзбөй малын союп, коногун кылып ынтымакка чакырып тураар эле.

Иш менен катар булар менен жаштарыбыздын 10 жашка чейин айырмалыгына карабай курбу-курдаштай болуп, карым-катнашта жүрдүк. Ошол учурларыбызды мамилебиз-

де чоң адамдык сапатты сактап бир бирибизге болгон терең сый-урматтоолор менен өткөрдүк десем жаңылышпайм.

Биз Ананевада иштеп турганда 1970-жылы **Гүлнура** деген кыздуу болдук. 1972-жылы **Муктар** деген уулду болдук. Жентек тойлорун чогуу тойлодук. Жентек тойлорго союштарын Зарылкан ава камдап берээр эле. Ал аз келгенсип Муктар уулубузга батасын берип, арнап жылкы бергени эсимден чыкпайт. Жогоруда белгилегендей жакшылыктарыбыздын баарлыгына бирге сүйүнүп, кубанычтарыбызды бирге бөлүшүп сүйүнүчүбүзгө ортоктош болуп жүрдүк. Ошондогу тилектерибизди Жараткан кабыл кылып Ананеводо төрөлүшкөн кызыбыз Гүлнура филология илиминин доктору, уулубуз Муктар 2001-2002 жылдары Швейцария мамлекетинин Берн шаарындагы Бүткүл дүйнөлүк Соода Академиясында окуп Эларалык Укук жана Экономика боюнча илим ишин коргоп, илимдин кандидаты болгон. Ушул эле Академиада докторлук ишин коргоп 2016-жылы илимдин доктору болду. (Доктор философии международных отношений )

Биз **Зарылкан ава** менен таанышкандан бери 50 жылдан ашык убакыт өтүптүр. Адамзаттын түбөлүктүү турмушунда, 50 жыл деген албетте көз ирмемдей эле учур көрүнгөнү менен жеке адамдын жашоосунда, өмүрдүн орчундуу, байсалдуу басып өткөн жолу болот турбайбы. Бирөөнүкү өз айлынын аймагынан чыкпаган төтө жол бойдон калып өмүр чеги белгиленсе, а бирөөлөрдүкү болсо дүйнөнүн чар тарабына таралуучу чоң жолго чыгып кошулат экен. Мунун баардыгы адамдын маңдайына жазган тагдырына байланыштуу болсо керек. «Өткөн өмүр –учкан куш» дегендей бүгүнкү күнүң эртең кайталанбай, мезгил улам алдыга жылып, жаш өтүп баратканын сезип, нечендеген толгоолорго аргасыз дуушар болот турбайсыңбы.

Чындыгында Зарылкан ава бул жалган дүйнөдөн өтүп кеткени менен, анын аты, турмуштун ак карасын, ачуу-татуусун жакшы түшүнүп, боорукерлиги, ырайымдуулугу жана жөнөкөй мүнөзү менен адамдарга жасаган мамилеси аны

билген адамдардын жүрөгүнө сиңип, түбөлүк эсинде калаары шексиз.

Адамдын жазаган иштерине, элге жазаган мамилесине маани берип баалай билип, мыкты сапаттарын, жүрүм-турумун өзүбүзгө өрнөк кылсак, менимче андан эч ким жаман болбоос эле.

Акылмандар айткандай: «Дүйнөдө эмне өлбөйт?» деген суроого, «Кагазга түшкөн кат өлбөйт, жакшынын аты менен сөзү өлбөйт» дегендей Зарылкан авамдын адамкерчилик сапаты, адамдарга, бир туугандарына, жоро-жолдошторуна жасаган мамилеси алардын эсинде өчпөз жылдыз болуп түбөлүк сакталып калаарынан шек санабаймын.

Адам баласынын жашоо турмушун, жашап өткөн убакыттарга, ошондогу доорго жараша, ар бир адамдын тагдырына, насибине буюрган окуялар менен ширелип турмуш ар түрдүү адамдар менен бирге өтө берээрин жакшы билебиз. Бирок өткөн өмүрдү текке кетирбей, болгон жөндөм менен акылды айкалыштырып, адилетчиликти, туу тутуп жашап жүрсөң урмат сый, кадыр баркка ээ болооруң шексиз.

Бул дүйнөгө жаралган адамдын убактысы келгенде бул жалган дүйнө менен коштошоор күнү да келээри шексиз. Бул Жараткандын берген мыйзам ченемдүү көрүнүшү. Бул көрүнүш адам баласы жаралган доордон баштап өкүм сүрүп, адам баласынын тукуму уланып келе жатканын баарыбыз жакшы билебиз. Бирок кээ бирибиз бул жалган дүйнөдө эмне максат менен жашап жатканыбызды түшүнүп түшүнө бербей өткөзүп ийсек, Зарылкан авама окшогондор жашоодо, күндө адам болуунун аракетинде болуп өз атын өлбөс-өчпөс кылып калтырып кетет турбайбы!!!

**Зарылкан ава** дос, туугандардын ичинде анын колунун ачыктыгы, туруктуулугу, жакын адамдарга болгон камкорчулугу, адамдык жогорку маданияты, адамдын сапаттарын баалай билгендиги менен башкалардан айырмалап турган!!

Жогорудагы айтылгандар бул адаттагыдай көзү өткөн адамды көбүртүп, жабыртуу эмес, бул акыйкат чындык.

Зарылкан аванын бул касиеттерин аралашып жүргөндөр

жакшы билишет. Зарылкан ава менен баарлашып калсаң токтоо, калыс сүйлөгөн, турмуштун ак карасын, ачуу-таттуусун жакшы түшүнгөн оор басырыктуу адам экени байкалып, сезилип турчуу. Өз алдына койгон максаттарына жетүү үчүн, маанилүү иштерди турмушка ашыруу үчүн баштаган ишин аягына чыгармайынча тыным албай эмгектенген адам экенин байкоочубуз.

Ой бөлүшүп, жакшы маектешип акыл - насаатын угуп сырдашкандан кубат алып, сергип, кубанып калуучумун. Бир нерсени талкуулап, кеңешип калсаң анын токтоо мүнөзү менен мыкты эл башкара билген, уюштургуч жетекчи экендиги көрүнүп турчу.

Мен кийин иштен которулуп Фрунзеде Кыргызпотребсоюз системасында жетекчи кызмттарда иштеп калдым. Ал убакыттарда **Зарылкан ава** 1976-1979-жылдары Ысык-Көл районунун Даярдоо конторасынын директору болуп иштеп турду. Ошол убакытарда Зарылкан аванын өзү иштеген чарбаны алдыңкы чарбага чыгарып, социалдык-экономикалык жактан туруктуу өнүгүүсүнө бараандуу салымын кошуп келгени дайым айтылып жүрдү.

Аны билген адамдардын ага болгон урматтоолорун көрүп билип жүрдүк. Райондогу белдүү, кадыр барктуу, залкар адамдардын арасында дагы кадыр-барктуу эле. Андан бери дээрлик жарым кылымга жакын убакыт өттү. Тек жашоо үчүн бул өмүр көп көрүнгөнү менен таарых өлчөмүндө өтө аз мезгил турбайбы. Бирок эмгекчил, мээнеткеч, иштерман адам үчүн жарым кылым зор жеңиш берерин мына бүгүн биздин Зарылкан авабыз өмүр жолунда далилдеп өттү. Андан бери чогуу аралашып жүргөн 50 жылга жакын убакыт ичинде анын бийик адамкерчилигине, марттыгына, колунун ачыктыгына, казан-аштуулугуна, үй бүлөөчүлүктө болгон камкордугуна, алар үчүн жашаганына, алар үчүн тынымы жок эмгектенгенине, жан дили менен берилген ишмердүүлүгүнө, жакындарга кайрымдуу, акыл насаатын айта билген инсан экендигине толук ынандык. Зарылкан аванын бул сапаттарын билген жолдоштору, туугандары дайым кадырлашып

сыйлап турушаарын билебиз.

Адамдагы талант, шык, билим, аракет эриш-аркак келгенде эмгек үзүрү жемиштүү да, жеңиштүү да болоорун Зарылкан аванын басып өткөн жолундагы ийгиликтери ачык далилдеди. Турмуштан сабак алып, талыкпай эмгектенип баа жеткиз ийгиликтерге жетишти, аброй тапты.

Зарылкан ава жоро-жолдош арасындагы кадыр-баркын түшүрбөй, аларга болгон жоопкерчиликтерди арттырып, алыс-жакындагы ымалаш-санаалаштарга катышууларынан тайбай, меймандостугу менен айырмаланып келген.

**Мен** 2002-2008 жылдары Ыссык-Көл обулусунда губернатордун орун басары болуп иштеп калдым. Райондорду кыдырып жүргөн учурларда 2002-жылы Зарылкан авам мага жолугуп 1991-жылда уюштурган “Азар” дыйкан чарбасын көрүп кетүүнү сунуштап калды. Ошол дыйкан чарбада уюштургандан баштап анын төрагасы болуп эмгектенип, бир туугандарын, бала-бакыраларын айыл-чарба азыктары менен камсыз кылып турганын, кийин кичүү баласы Маратка чарбаны өткөрүп берип ардактуу эс алууга чыкканын айтып берди. Чарба менен таанышып, чарбадагы иштердин жогорку деңгээлде уюштурулганын көрүп абдан ыраазы болгонум бар. Ошо менен бирге Зарылкан авам иштеген айылдарда эл менен жолукканымда авам туурасыында жакшы пикирлерин айтышканын көп уктум. **Зарылкан ава** убадага бекем, колдон келбеген ишке убада берүүдөн өзүн кармоочу. Айтканын аткара билүчүү. Ошол себептен Зарылкан ава менен баарысы жакын мамиледе болуп жолдош болууга умтулчуу болсо керек.

Ар бир адамдын өзүнчө мүнөзү, адамдык бийик деңгээли, жашоодогу жолу, жолдошчулукта туруктуулугу жана бекемдиги, турмушка болгон көз карашы менен айырмаланат эмеспи. Зарылкан ава менен бизди бириктирип турган, кол үзүшпөй кыйла жылдан бери карым-катнашта келе жатканыбыздын эң башкы себеби: ал анын бийик адамкерчилик сапаты, ички дүйнөсүнүн байлыгы, туруктуулугу, жакын адамдарга болгон камкорчулугу, адамдык жогорку мадания-

ты, адамдын сапаттарын балай билгендигинде болгон!!

**Зарылкан ава** бул жалган дүйнө жашоосунда колунда жокторду, өзүндөн даражасы төмөн деп эсептеген адамдарды кемсинтпестен, улуу болобу, кичүү болобу бирдей мамиле жасап, Кудай берген ырыскыны көтөрө билип, ага теңирсибей ар бир кылган ишине көз салып жашаганын байкоочубуз. Өйдөсүнүп, бирөөнү теңиңе албай кемсинтип сүйлөп, кемчилигин олдоксон ашкерелеп айтып шагын сындырып алуудан сактанчуу.

Бир адам бардар көрүнүшү мүмкүн, бирок колунда жокторго кайрымы жок. Үй-бүлөөмдү сүйөм дейт, бирок өзүн зөөкүрлүк оорусунан алыстата албайт. Назик, маданияттуу болушу мүмкүн, бирок жакындарынын абройун коргой албайт. Адеп-ахлакты напсисинде топтогон, бирок аны акылына жана жүрөгүнө сиңирип, өмүрүнүн айрылгыс бөлүгүнө айландыра албайт. Ал эми Зарылкан ава болсо башка ишеним менен жашап, жакындарын ишендире алган, адеп-ахлак менен жашаган, жашоосун колу ачыктыгы менен түрлөп коздогон адам болгон, мындай жашоосун каалаганда эле эмес, өмүрүнүн акыркы мүнөтүнө чейин уланткан адам болгон. Анын жашоосу үй- бүлөөсүндө үлгү болгон.

Адамдын өмүрүнүн көпчүлүк бөлүгүн бирге өткөрүүчү жана жан дили менен сырдашуучу адамы бул жубайы болот эмеспи. Экөөнүн биринин ооруп калышы, же таарынып калышынын себебинен бүтүндөй үй-бүлөнүн тынчтыгы бузулаары белгилүү. Зарылкан ава жашоо маңызын жакшы түшүнгөн адам катарында үй-бүлөөсүн кейитпешке, өзгөчө баш койгон жаздыктары бир болгон өмүрлүк жары үчүн тынчсызданып, өзгөчө көңүл буруп, аяр мамиле жазаганын көрчүүбүз. **Байбичесинин кадыр-баркын көтөрүп, өзүнүн ден соолугунда мүчүлүш болгонуна карабай дайыма ага кам көрүп, кайгыртып санаа тартырбоонун аракетинде болгонун дайым баамдайт элек.**

Ошол эле учурда ар бир нерсенин тирөөчү болгондой, үй-бүлөнүн тирөөчү түшүнүктүү такыба аял экендигинде талаш болбосо керек. Ал бар учурда башка нерсенин кереги

жок, а эгер ал жок болсо анын ордун эч нерсе толтура албайт эмеспи. Ал жакындарды бириктирүүчү, жаман мүнөздөрдү тарбиялоочу, напсини тазалоочу, жоро-жолдош, тууган-уруктардын арасындагы мамилелерди тескеп, эскертип эске салып туруучу, оор иштерди жеңилдетүүчү, жаман иштерден тосуп туруучу жана жакшылык иштерге түрткү берүүчү болот эмеспи. Зарылкан аванын байбичесин Уулбүбү жарым кылым убакытын ичинде баамдаганыбыздай мына ушу айтылгандарга татыктуу анын сүймөнчүктүү түгөйү болгондугун биз жакшы билебиз.

**Зарылкан ава менен Уулбүбү эженин** меймандостугу абдан күчтүү эле. Үйүнөн айылдын аксакалдарынан тартып Кыргызстандын борбору Фрунзеде кызмат өтөгөн абройлуу кызматкерлер менен Москвадагы ЦКнын жооптуу кызматчыларына дейре коноктордун аягы үзүлчү эмес эле. Биз дагы Уулбүбү эженин нечен түрлүү, даамдуу даярдалган дасторконунан даам сызып жүрдүк. Зарылкан камкор ата болгон. Үй –бүлөө алдында ак кызматын өтөп, уул-кыздарын эрезеге жеткирип, эмгекчилдикке, чоң адамгерчиликке, ак ниеттүүлүккө тарбиялап өстүргөнүн баамдадык.

Бир канча дүнүйө топтоп алган менен, бул дүйнөдөн өткөндө, өлүм келгенде жыйган дүнүйөдөн ар бирибиз ажыраарыбызда талаш жок. Бирок жакын жолдоштордун жашоодо биз ойлобогон, биз күтпөгөн жакшы иштерди жазаганы өмүр бою эсиңде калат турбайбы. Алардын бири анын кандай учурда кандай шарттарда келгенин өзүбүз дагы сезбей, билбей калат экенбиз. Мындай мамиле жанга ырахат берет турбайбы, жүрөгүбүздү нурлантып, рухубузду азыктандырат экен.

Турмушта адам баласына айтылбаган жакшы сөз калбайт экен, ар кандай мактоолор, убадалар, бирок баарынан жакшы калпы жок тынчтык экенин эми баамдап жүрөм. Жашоо жана убакыт эки насаатчы мугалимиң болот турбайбы. Жашоо-турмуш убакытты кандай пайдаланууну үйрөтсө, убакыт жашоонун баалуулугун үйрөтөт экен. Жүрөгүңдө жан дүйнөң күндүн нурундай жарык берип турса, убакыт өткөн сай-

ын сен “күндүн бүркөөсүндө” дагы жакшы менен жаманды ажыратып көрүп жашоо маңызын билип турат экенсиң.

Зарылкан аванын байбичеси Уулкан өмүрлүк жолдошун баарлык учурда колдоп, ойуна ой кошуп, демине дем кайрат берип, турмуштун ар кандай кырдаалында, оорго чөкпөй, жетишкен ийгиликтерге көпбөй, ошол шартка жараша дайым бир калыпта, асылкеч аялзаттыгынан танбай меймандостугу, кеменгерчилиги менен айырмаланып келет.

Биз жашоо турмушубузда, чыныгы ичи таза, пейили ак, үй-бүлөөсүндө дайыма ынтымак, ырыс, бакыт жылоологон үй-бүлөөсү менен жакын байланышта болгонубузга абдан ыраазыбыз. Турмуш өтөт, доор алмашат, коом өзгөрөт. Биздин урпактарыбыз сый-урматыбызды, ынтымак-ырашкерчилигибизди улантып кетсүүсүн насип кылсын деп Жаратkandан суранат элем!



**Абдырахманов Курманбек**
*2021-ж.,Көк-Дөбө а.*

## АЯШ АТАМДЫ ЭСКЕРҮҮ

Көк-Дөбө элинин атасы, Беш-Ата-Кожояр элинин ардактуу аксакалы **Азаров Зарылкан** атабыз өз доорунун, замандаштарынын катарында төбөсү көрүнгөн инсандардын бири болчу.

Бул киши менин аяш-атам болгонуна сыймыктанып эскерем. Атам **Асылбеков Жумаш** менен бала кезинен достошуп өмүрүнүн акырына чейин айрылышкан эмес.

Атам айтаар эле: *“Мен атадан жалгыз уул экенимди досум Зарылкан билгизген жок. Кырдаалга жараша кээде ага болуп, кээде ини болуп жүрдү. Кызматка байланыштуу айлымдан алыс иштеп жүргөндө, айыл элинин маселесин телефон аркылуу чогу кеңешип чечээр элек. Айылга келгенде айыл аксакалдарына сый-урматыбызды көрсөтүп, инилерге, теңтуштарга кеп-кеңешибизди берип жүрдүк”.*

Энем **Бүкөндүн** айткандары да эсимде, *“Жумаш менен Зарылкандын башка жакшы мүнөздөрүнөн да*

*намыскөйлүгү окшош. Көл өрөөнүндө экөөнүн тең аты чыгып, эл таанып калган курактарында Көк-Дөбө элинин намысын ойлоп, Жумаш менен Зарылкандын айылы экен деп, эл оозунда жакшы сөз болсо кубанып, айылдагы элди ынтымакка үндөп, чогулган жерде көп акыл-насаатын бөлүшөт"* – дээр эле.

Түшүнсөк бул айыл аксакалдарынын илгертен келген салты окшобойбу.

Мен өзүм аяш - атамды бала кезимден билип, айылга 1985-ж. Ананьево айылдык кеңешинин төрагасы болуп иштеп келген күндөн ата-бала болуп сыйлашып жүрчүбүз.

Көл өрөөнүндө, райондук көптөгөн маанилүү жалпы эл катышкан иш-чараларга, маарекелерге чакырып Зарылкан атамдын үйүнө өзүм барып калганда ыраазы болуп батасын берген.

Чакырган жерге балдары, кийинчерээк неберелери кадырлап, колтуктап жеткизип алар да батасын алышты.

Ойлосок, биздин аталарыбыз менен өткөн доор кетиптир. Ал доор тубаса тунук акылы, терең аң-сезими, табигый туюму менен өзгөчө адамдардын, улуу муундун доору болгонун билебиз.

Келечек муундарыбыз аталарынын атын өчүрбөй, учугун улаган, кыргыз элинин даанышмандыгын далилдеген ынтымактуу эл болот деп ишенебиз.

*АККАН АРЫКТАН СУУ АГАТ... ...*




**Найзабеков
Жусупбек уулу
Жумасан**

## АЗАРОВ ЗАРЫЛКАНГА

АТАКТУУДАН ӨТКӨН МЫКТЫ САДЫР АКЕ,
АТ КӨТӨРГҮС ИШ БҮТҮРГӨН КЫРГЫЗ ЭЛГЕ.
УРУГУ АНЫН ӨНҮП-ӨСҮП УШУ КҮНДӨ,
АЗЫР КЫЗЫ АНАРА ИЗРАИЛДЕ МЫНА ЭМЕСЕ.

АЗАР УУЛУ КИСЛОВОДДО БИР НЕЧЕ КҮЗ,
ДААМДАШЫП БИРГЕ ЖҮРҮП ӨТКӨРГӨНБҮЗ.
ЫРЫСКЫҢ АШЫП, ТАШЫП, ӨРКӨҢ ӨССҮН,
ЭСТЕЛИК БОЛУП КАЛСЫН СҮРӨТҮБҮЗ.

Август, 2002-ж.



**Акматов Орозобек Сооронбекович**

*2021-ж. Ананьево а.*

## МЕНИН УСТАТЫМ

Зарылкан атаны бала кезимден бери жакшы билем. Зарылкан ата 1-май колхозунда башкы бухгалтер болчу. Колунан келген жумушту аячу эмес. Бухгалтер болуп иштеп турганда, бухгалтерияда чымындын учканы угулуп турчу. Менин атам Зарылкан атадан 15 жаш улуу болчу. Атамды санжыра айттырып жанында көп алып жүрчү.

Менин устатым, мени Түп районундагы айыл-чарба техникумунан окутуп бүтүргөндөн кийин 1-май колхозуна жылкы фермасына башчы кылып ишке киргизген. 1982-жылы Зарылкан атадан көп тажрыйба алгам. Айылдан көп балдарга билим алышына олуттуу жардамын берип, жумушка орноштурган.



**Чакеев Бакен**

*2021-ж. Ананьево а.*

## АТАЛЫК КАМКОРДУК

Зарылкан ата менен Мамбет уулу ичинен Карачач уруусунан болобуз. Биз кичине чактан бери эле бизге акыл-насаатын айтүүчү. Биз школдо окуп жүргөн кезде, атабыз каза болуп калып, оорураак турмушка туш болдук. Мектепти бүтүп 7 жыл шопур болдум.

Зарылкан атабыз, Усеке байкемди колхозго, өзүнүн жанына бухгалтер кылып алды. Мени болсо кооперативдик техникумга курска жиберип, заготовитель кылды, кийин колхозго алып кетти жумушка.

Атабыз конок чакырганды жакшы көрчү эле. Мамбет уулунун аксакалдарын кышкы согум тамакка жылда чакырып, сүйлөшүп, тамашалашып жакшы отурушчуу эле. Орозо учурунда ошол эле 20-30 -дай аксакалды кайра чакырып ооз ачтырчу. Кудаларын, досторун көп чакырчу, ошолордун арасына мени жолдошум экөөбүздү дайыма кошчу эле.

Караколдо жашаган кудасы Молдоканов Үсөнгазы, абдан сөзмөр киши эле. Ошол кудасы келгенде, анын сөзүн абдан жакшы көрүп укчу.

Конокторго барганда көпчүлүк учурда мени айдатып алуучу эле. Мени балдарындай эле көрүүчү. “Бакен, сен менин эмгегимди актадың, молодец,” - деп койчу эле кээде. Атанын акыркы күнүнө чейин чай ичишип жүрдүк.